ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезектеги XV (он бешинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 06-февралы №74/ XV -29** **Алмалуу айылы**

**“Ысык-Ата” Муниципиалдык ишканасынын 2026-жылга малдын санын жана акы төлөмдөрүн бекитүү жөнүндө**

«Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-майындагы №301 токтомунун 5 жана 8 пункттарына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 735 "Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобонун" 4-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесинин негизинде жайыт жерлерин үнөмдүү пайдалануу үчүн, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Бул токтом менен Ысык-Ата айыл аймагы боюнча төмөндөгүдөй өлчөмдө жайыт акысынын көлөмү каралсын :

| Малдын аталышы | Саны | Башы | Баасы (сом) | Сумма (сом) |
|---|---|---|---|---|
| Бодо мал (уй , торпок) | 3817 | Бир баш | 200,0 (эки жүз) | 763400 (жети жүз алтымыш үч миң төрт жүз) |
| Жылкы (жылкы) | 2239 | Бир баш | 200,0 (эки жүз) | 447800 (төрт жүз кырк жети миң сегиз жүз) |
| Майда жандык мал (кой, эчки) | 11183 | Бир баш | 20 ,0 (жыйырма) | 223660 (эки жүз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | жыйырма үч миң алты жүз алтымыш) |
| **Аталышы** | **Мөөнөтү** | **Жердин өлчөмү** | **Баасы (сом)** | |
| Мал сарай | 70 | Ар бирине 1га | 2000,0 (эки миң) | 140000 (жүз кырк миң) |
| "Туризм жана жарандардын эс алуусу" үчүн боз үй , тапчан орнотууга (1 жыл) | - | 0,01 га | 500,0 (беш жүз) | - |
| "Жапайы өскөн мөмө, жемиш, козу карын, башка тамак-аш азыктарын жеке пайдалануу максатында чогултуу" (1 күнгө, 1 кишиге) | - | - | 100,0 (бир жүз) | - |
| "Дарылык-техникалык чийки затты чогултуу жана бал челектерди кармоо" (ар бир челек башына) | - | - | 100,0 (бир жүз) | - |
| "Маданий, ден соолукту чыңдоочу, туристик жана спорттук иш-чараларга катышуу" (8-сааттын ичинде 1-күнгө , 20-кишиге) | - | - | 1000,0 (бир миң) | - |
| "Аңчылык кылуу үчүн" (1 күнгө 1-кишиге) | - | - | 200,0 (эки жүз) | - |
| "Жеңил конструкциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмалары , сүттү чогултуу жана баштапкы кайра иштетүү пункттарын жана малды жасалма уруктандыруу | - | - | 500,0 (беш жүз) | - |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| пункттарын орнотуу"<br>(1 жыл) | | | | |
| "Тоют чөп даярдоо"<br>(1 жыл) | - | 0,01 га | 20,0<br>(жыйырма) | - |
| "Жалпы таралган пайдалуу кендерди казып алуу"<br>(1 жыл) | - | 0,01 га | 500,0<br>(беш жүз) | - |

2. Бул токтомдун талаптарын бузгандарга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чара көрүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышы "Ысык-Ата" Муниципиалдык ишканасынын жетекчисине жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кеңешинин жер жана агрардык иштер боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

**Төрага** **Н.Ибраимов**